УДК 82.0:82-1(=512.154)
DOI: 10.36979/1694-500X-2023-23-6-83-86

# ОБ ИССЛЕДОВАНИЯХ ТВОРЧЕСТВА ТУМОНБАЯ БАЙЗАКОВА

***Г.С. Кожобекова***

*Аннотация.* Рассматриваются воспоминания и исследования коллег, известных критиков, учёных об успехах и о некоторых недостатках творчества Тумонбая Байзакова, в частности, кыргызского народного поэта С. Эралиева, литературных критиков Д. Туратова, А.Т. Кадырмамбетовой. В воспоминаниях и исследованиях произведений Байзакова даётся информация о нём, кроме того, супруга С.С. Байзакова также делится воспоминаниями о жизни и творчестве поэта. Известно, что индивидуальные качества автора поэтических произведений отражаются на его творчестве. Байзаков был не только известным поэтом, но в своё время была широко известна его переводческая деятельность. Кроме того, он много труда вложил в изучение и издание поэтического наследия акына-импровизатора, своего земляка Барпы Алыкулова. Критики высоко оценили творческий дар Т. Байзакова, а почитатели его таланта с нетерпением ждали новых произведений. Надо отметить, что на многие стихи Т. Байзакова композиторы сочинили мелодии, что снискало ему известность среди современной молодёжи.

*Ключевые слова:* произведение; поэт; воспоминания; дружба; критика; поэтическое мастерство; кыргызская поэзия.

# ТҮМОНБАЙ БАЙЗАКОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖӨНҮНДӨ

***Г.С. Кожобекова***

*Аннотация.* Макалада Түмонбай Байзаковдун чыгармачылыгындагы ийгиликтер жана кемчиликтер тууралуу кесиптештеринин, белгилүү сынчылардын, окумуштуулардын эскерүүлөрү, изилдөөлөрү камтылган. Тагыраак айтканда, Кыргыз эл акыны С. Эралиевдин, адабий сынчылар Д. Туратовдун, А. Кадырмамбетованын Т. Байзаков тууралуу эскерүүлөрү жана изилдөөлөрү тууралуу маалымат берилет. Мындан сырткары, өмүрлүк жубайы С.С. Байзакованын да акындын өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу эскерүүсүнөн кыскача баяндалат. Акындын адамдык касиети менен кошо чыгармачылыктагы өзгөчөлүктөрү да көрсөтүлөт. Т. Байзаков белгилүү акын гана болбостон, анын котормочулук ишмердиги да өз убагында кеңири белгилүү болгон. Мындан тышкары, төкмө акын, жердеши Барпы Алыкуловдун акындык мурасын изилдөөгө жана басып чыгарууга көп эмгек жумшаган. Сынчылар Т. Байзаковдун чыгармачылыгын жогору баалашса, анын талантын баалагандар жаңы чыгармаларын чыдамсыздык менен күтүшкөн. Белгилей кетсек, Т. Байзаковдун көптөгөн ырларына композиторлор обон жаратып, азыркы жаштар арасында атак-даңкка ээ болгон.

*Түйүндүү сөздөр:* чыгарма; акын; эскерүү; достук; сын; акындык чеберчилик; кыргыз поэзиясы.

# ABOUT RESEARCH CREATIVITY OF TUMONBAI BAYZAKOV

***G.S. Kozhobekova***

*Abstract.* The article contains memoirs, studies of colleagues, famous critics, scientists about the successes and shortcomings of Tumonbai Baizakov's creativity. In particular, the Kyrgyz national poet S.Eralieva, literary critics D.Turatov, A.T. Kadyrmambetova. In the memoirs and studies of Baizakov, information about him is given, in addition, the wife of S.S.Baizakov also gives memories of the poet's life and work. Along with the human qualities of the poet, his features are also manifested in his work. When studying the work of T. Baizakov, it can be noted that he, like some other poets, was engaged not only in writing poetry, but also in translations, and sometimes became famous for struggling with the work of his countryman Barpa Alykulov. Critics appreciated T. Baizakov for the fact that he was a talented poet who, after the first works, the next ones were waiting for and enjoyed the respect of readers, and for the fact that he was a poet who, without repeating the illustrious ideas of his predecessor, composed works on any topic, composed different melodies, included them in a poem and was looking for a new one himself the path.

*Keywords:* work; poet; memory; friendship; criticism; poetic skill; kyrgyz poetry.

Башка акындардан айырмаланып, Т. Байзаков катар-катар ыр жазуу, басмага чыгаруу менен алек болбостон, басыгын акырындык менен ылдамдатып, жай темп менен чыгармачылыгын өнүктүргөнү ар бир адабий басылмаларда белгиленип келет. Менин оюмча, бул акындын өзгөчөлүгү деп баса белгилеп айткым келет. Анткени окурмандык талабы, эстетикалык табити жогорулаган ар бир чыгарма сүйүүчүлөрдүн купулуна толуп, жүрөгүнөн түнөк табуу чыгармачылык изденүүнүн натыйжасында жаңы табылгаларды таап, жаралган чыгармаларынын идеялык-көркөмдүк деңгээли жогору болушу, сезимдерди серпилтип, жүрөк кылдарын черткен чыгармаларды жаратуу, жашоо, табият, турмуш, аалам жөнүндөгү элестетүүлөрдү байытуу – бул ар бир эле акындын колунан келчү нерсе эмес. Мына ошондой чыгармачыл инсандардын катарында Т. Байзаков ушундай жол аркылуу китеп сүйүүчүлөрдү өзүнө тартып, биринчи чыгармаларынан кийин экинчи чыгармаларын күттүрүп, окурмандардын сыйына ээ болгон таланттуу акын болгон. Т. Байзаков кандай гана темада чыгарма жаратпасын, өзүнө чейинки даңазаланган идеяларды кайталабастан, ар кайсы нерсени айтайын деген оюн күүгө салып, ырга кошуп, өзүнчө жаңы жолду издеген акын болгондугу сынчылар тарабынан бааланган.

Демек, акын жана котормочу катары Т. Байзаковдун чыгармаларынын артынан же катар-катар ырларды жаратпады, биринин артынан бири чыккан ырларды жазууга басым жасабады. Бул, биринчиден, акындын өзгөчөлүгү болсо, экинчиден, сөзгө сарандыгы деп айтса болчудай. Бул тууралуу анын:

Ыр жазганда
Ыр тагдырын ойлоном,
Окулса деп окурманы табылып,
Өлбөсө деп очоктордо жагылып, – деген сыяктуу ыр саптары акындын ырга, дегеле чыгармачылык чөйрөгө өтө олуттуу караганынан кабар берет. Башкача айтканда, ал ырларынын туулганына эмес тураарына, санына эмес сапатына басым жасап, чыгарма жаратууда ыр сүйүүчүлөрдүн купулуна толуп, жүрөгүнөн түнөк тапса экен деген ой менен оригиналдуулукка басым жасайт.

Акындын чыгармачылык жолуна сарсеп салган ар бир окурман, кесиптештери Т. Байзаковдун Барпы акындан (жердешинен) алган таасирлерин, Барпыны Барпы кылган талыкпас эмгегин баалоо менен катар устатынын өмүрүнүн акыркы күндөгү жолугушуусун жакшы билишет. Шакиртине акыркы жолу айткан керээзи, түшү, божомолу тууралуу эскерүүнү акындын чыгармачыл кесиптеши, жердеши Ж. Мавлянов да минтип айткан жери бар: "Дээрлик кырк жыл калемдештиктин да, достуктун да даамын бирге татышып калган Түмөнбай дүйнөдөн кайткандан бери анын ушул эскерүүсү эсиме тез-тез түшө берчү болду. Ак боз атка учкашкан ал экөөнүн карааны жакындан элестей берчү болду. Улуусу ырды жаз жамгырындай нөшөрлөтүп төгүп баратса, кичүүсү андан алган көөдөн толо эргүүсүнөн улам жүрөгүнөн сызып чыккан ыр саптарын кагаз бетине түшүрүш үчүн батыраак аттан жерге түшүрүүгө ашыккандай" [1, 3-б.].

Т. Байзаков менен чыгармачылык жана достук байланышта болгон С. Эралиев акынды мындайча эскерет: "Кыйышпас дос, ынак курбу катары эчен жылдарды чогуу жашадым. Ортодо унутулгус көп жакшы нерселер болду. Мына бүгүн да акын жаркыраган элеси, козу көрпө тармал чачы, келишимдүү чымыр денеси, баркыт түстүү кара муруту, дайыма күлмүңдөй карашы, айрыкча кылычтай курч, моокум кандырчу куйкум сөздөрү эсинде да, көз алдыда да турат. Анын үстүнө ал адам жылдыздуу эле. Ким да болсо аны менен дос, аны менен сырдаш сыяктанчу" [1, 2-б.].

Акын болобу, жазуучу болобу кандай гана чыгармалар жыйнагы жарык көрбөсүн, калың журтка төбөсү көрүнгөн, таанымал чыгармачыл инсандардын баш сөзү менен жарык көрөрү белгилүү. Мына ошондой ыр жыйнактарынын бири болгон "Тандалган ырлар жана дастандар" китебине С. Эралиев өз оюн билдирүү менен баш сөз жазган. Тагыраак айтканда, Т. Байзаков чыгармачылык сапарын бир мезгилдерде баштап, кайрадан бир убакыттарга чейин токтотуп коюп, кайсы бир мөөнөттө ою бышып жетилип, таланты такшалып, курчуп турган чекте, "Жүрөктөн төрөлгөн ыр менен эртеңки аң таңдарды күттү". Бир катар боордош элдердин көрүнүктүү акындарынын чыгармаларын

кыргыз тилине которуу аркылуу өзүнүн да ыр жаратуудагы дарамети артып, сюжет куруунун ыкмасын өздөштүрдү.

Д. Туратов Т. Байзаковдун акындык чеберчилиги тууралуу мындай дейт: "Акын деген атка жамынып алып, сезимди чымыратып, кыял чабыттарын учура албаган орто саар ырларды жазып, акындыктын не бир татаал түйшүктөрүн баштан өткөрбөгөндөрдү ал төмөндөгүдөй келекелейт:

Сүзө албаса балыкка окшоп көлдөгү,
Жүрө албаса кербенге окшоп чөлдөгү.
Көрө албаса ылдый менен өйдөнү,
Анда акындын тирүү туруп өлгөнү [2, 2-б.].

Демек, акындыктын сырлары менен кырларын, ачуусу менен таттуусун, өйдөсү менен ылдыйын, ысыгы менен суугун көргөн чыгармачыл инсан катары бул кесипке өтө кылдат мамиле кылуу керектигин жогорку деңгээлдеги философиялык көз карашы аркылуу кеңири сүрөттөп, көркөм-эстетикалык табити аркылуу ачып берген.

Д. Туратов адабиятчы катары Т. Байзаковдун чыгармачылыгына өз баасын берип, элге таанымал болгон "Паризат" дастаны, "Жүрөк отун аяба", "Уурдалган кызга кат" аттуу ыры, "Патрондогу каттар", "Апама" аттуу поэмасын да адабий талдоого алган. Акындын бул чыгармаларынын ийгиликтерин жана жетишкендиктерин ыр саптары аркылуу ачып берген. Бирок, айрым бир акындардай, Т. Байзаковдун деле кемчилиги болгондугун баса белгилеген. Бул тууралуу ал минтип айтат: "Бирок Т. Байзаковдун тандалмасына татыгы жок ырлар да кирип кеткендиги окурмандарды өкүндүрбөй койбойт. Анткени, аз жазса да, саз жазган акын жөн гана катардагы ырлар жыйнагы эмес, атайы тандалган ырлар жыйнагын элге тартуулап жаткандан кийин, ошол атка арзыган ырларын иргеп алса болмок экен" [2, 5-б.].

Мындан сырткары, Д. Туратов жогоруда аты саналган ырларында лирикалуулук жоктугун, кургак уйкаштар менен коштолуп калгандыгын баса белгилейт. Т. Байзаковдун "Ыр күтөм түндө" аттуу ырын өтө катуу сынга алган. Тагыраак айтканда, чыгармадагы сүйүүнү даңазалоо туура эмес багытта берилип калгандыгын баса белгилейт. Мындай баа берүү мезгилинде Т. Байзаковдун чыгармачылыгынын андан ары өнүгүшүнө чоң себеп болгондур. "Кой аксагы менен жүз" дегендей ар бир акындын жарыкка чыгып, бирок өз ордун таппай, же өз баасын албай калган чыгармасы катары кала берет деген ой жаралат. Бирок, ошондой кемчиликтерге карабастан, негизинен алганда, сынчы талдаган бул тандалмалуу жыйнак өз атына жооп берерин айтат. Себеби, көпчүлүккө белгилүү болгондой, Т. Байзаков өзүнүн чыгармачылыгына манчыркап, кыргыз журтчулугунун астында акындык вазипамды толук аткардым деп жөн эле отуруп калбастыгын баса белгилейт. Мындай сөздөр Т. Байзаковдун төмөнкүдөй ыр саптары менен бекемделет:

Калк алдында карызымдын чеги жок,
Иштегенден иштей элек ишим көп.

Демек, акындын ошол мезгилде али Мекен алдында кылчу кызматы алдыда деп, аткаргандан аткарыла элек иши көп экендигин айтат. Т. Байзаковдун ой-чабыты оболоп турган мезгилде дагы далай-далай чыгармаларды жаратаарынан күмөн санабайт. Казак акыны Абайдын сөзү менен айтканда, дагы далай-далай жүрөктөн кирип, бойду алган ырларды жаратаарына ишенүү менен-акынга болгон сый-урматын билдирет.

Т. Байзаковдун чыгармачылык (акындык, котормочулук) ишмердүүлүгүнө илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн адабий сынчылардын бири филология илимдеринин доктору, профессор А. Кадырмамбетова акын жөнүндө мындай дейт: "Эми акындын лирикадагы поэтикалык изденүүлөрүнө келе турган болсок, Т. Байзаковдун акындык эргүүсүн козгогон темалар өтө ар түрдүү. Ал да көпчүлүк акындар сыяктуу эле Ала-Тоо, Ата Журт ажары, өмүр, өлүм, жаштык, сүйүү, согуш жана тынчтык, эмгек темасында жана, албетте, өз заманынын гражданини катары саясий граждандык темада, Ленин, Коммунистик партия тууралуу ырларын жараткан" [3, 649-б.]. Адабиятчы А. Кадырмамбетова Т. Байзаковдун ыр жыйнактарын барактап көрүп, чыгармачылыгына сүңгүп кирип изилдеген окумуштуу катары акындын согуш жана сүйүү темасына жакын болгондугун баса белгилейт. Ошону менен катар акындын кайсы бир темага басым жасап, кенен отуруп иштебегенин да эскерет.

Акындын жубайы С.С. Байзакова акындын өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө жазган

китебинде Т. Байзаковду минтип эскерет: “Будучи человеком общительным, энциклопедически грамотным, он находил общий язык со всеми, с кем встречался на своем жизненном пути” [4, с. 3]. Жогоруда аты аталган эскерүү китепте акындын чыгармачылыктагы досу С. Эралиевдин Т. Байзаков боюнча эскерүүсүн минтип жазат: “Я любил его всей душой. Мы часто встречались, обсуждали все волнующие нас вопросы, понимали друг друга. Я считаю, что Түмөнбай поэтический дар получил вместе с молоком матери, и каждое утро, когда только начинается его песня “Кыргыз жери”, я с волнением и огорчением слушаю её. В рассвете творчества он выплёскивал свои стихи, как бурный поток” [4, с. 33]. Мындан сырткары, акын менен достошуу кызыктуу болгондугун, аны менен бир жолу сүйлөшкөн адам кайра жолугушуу үчүн аракет жасаарын эскерген.

Т. Байзаков ар бир сынчынын берген баасына мокоп калбастан, тескерисинче, күлүк ат кийин озгон сыяктуу акырын басыгы менен кыргыз поэзиясынын күлүгүнө айланды десек жаңылышпайбыз. Анткени бүгүнкү күндө да Т. Байзаковдун аты өчпөй, орто билим берүүчү мектептеринин жана жогорку окуу жайларынын окуу программасында окутулуп келе жаткандыгы буга күбө. Т. Байзаков жөнүндө эскерүүлөр жана изилдөөлөр муну менен токтоп калбайт. Акындын чыгармачылыгын мындан да тереңирээк изилдөө иши – келечектин талабы. Жыйынтыктап айтканда, акындын бир дем менен жаралып, көпкө чейин акындык жандүйнөсүнүн элегинен шашпай өткөрүп, тандап, талдап жазган ырлары жана чыгармачылыгы дагы да болсо тынымсыз изилдөөгө муктаж экендиги илимий ишибиздин актуалдуулугун ырастайт.

Поступила: 20.02.23; рецензирована: 06.03.23; принята: 09.03.23.

***Адабияттар***


1. Ош жаңырыгы. 1996-ж. 21-сентябрь. № 111 (1577).
2. Советтик Кыргызстан. 1977-ж. № 158. 12-июль.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы. Бишкек, 2017. VI т.
4. *Байзакова С.* Встреча с друзьями. Бишкек: Бийиктик, 2013. 152 с.